№ 1565-ФХД/23 11.04.2023

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ош шаары

## БУЙРУК

ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде (2023-жылдын 31-мартындагы № 7 протокол) негизги маселелерде каралган «2022-2023-окуу жылына абитуриенттерди кабыл алуунун жыйынтыгы, перспективалары» деп аталган № 1 маселе боюнча төмөндөгүдөй **буйрук кылам:**

1. 2022-2023-окуу жылына ОшМУга абитуриенттерди кабыл алуунун жыйынтыгы, перспективалары жөнүндөгү кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы, профессор М. Б. Убайдуллаевдин билдирүүсү эске алынсын.
2. Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарынын мектептеринин бүтүрүүчүлөрү ОшМУга экскурсияга келген учурда факультеттердин, колледждердин, бөлүмдөрдүн жетекчилери тарабынан уюштуруу иштери колго алынсын (жооптуу: кабыл алуу комиссиясы, факультеттерден жооптуулар).
3. ОшМУнун сайтындагы адистик/багыттар боюнча маалыматтар окутуунун натыйжаларын көрсөтүү менен факультеттер, колледждер тарабынан толукталсын (жооптуу: кабыл алуу комиссиясы, факультеттердин декандары жана колледждердин директорлору).
4. Абитуриенттерге багытталган мобилдик тиркемеге университеттин адистиктери боюнча керектүү маалыматтарды алуу, суроолорун калтыруу ж.б. мүмкүнчүлүктөрүн кошуу кабыл алуу комиссиясына жана IT академиясына жүктөлсүн.
5. Факультеттер, колледждер тарабынан окуу жылы ичинде кесипке багыттоочу иш-чаралардын механизмдери замандын талабына ылайык жүргүзүлсүн (жооптуу: факультеттердин декандары жана колледждердин директорлору).
6. Жаңы окуу жылында тапшыргандардын саны көп болуусу күтүлгөн багыттардын/адистиктердин лицензияларындагы студенттердин чектик санын планын даярдоо ОшМУнун окуу бөлүмү менен биргеликте декандарга, директорлорго милдеттендирилсин.
7. «Ачык эшиктер» иш-чарасынын заман талабына ылайык жаңы форматы кабыл алуу комиссиясы тарабынан иштелип чыксын.
8. Массалык маалымат каражаттары жана социалдык түйүндөр аркылуу университеттеги кесипке багыттоо иш-чараларын жыл бою чагылдыруу колго алынсын (жооптуу: ОшМУнун «Маркетинг, коммуникация жана коомчулук менен байланыш борбору» маалымат бөлүмү).
9. Педагогикалык адистиктерге мамлекеттик билим берүү гранттык орундардын санын көбөйтүү үчүн тиешелүү мамлекеттик органдары менен иш-аракеттерин жүргүзүү структура жетекчилерине жүктөлсүн (декан/директор жана кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы).
10. Бул токтомду ишке ашыруу кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысына, факультеттердин декандарына, коллеждердин директорлоруна жана тиешелүү структура жетекчилерине милдеттендирилип, анын аткарылышын көзөмөлдөө окуу иштери боюнча проректор, доцент З. С. Божоновго жүктөлсүн.

*Негиз: Окумуштуу катчынын билдирүүсү, ректордун сунушу*

**ОшМУнун ректору,**
**профессор** **К. Г. Кожобеков**

документ ПОДПИСАН электронной подписью Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ош шаары

**ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2023-жылдын 31-мартындагы № 7 жыйынынын**
**ТОКТОМУНАН КӨЧҮРМӨ**
**Күн тартиби**

**Угулду:** ОшМУнун кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы, экономика илимдеринин доктору, профессор М. Б. Убайдуллаев «2022-2023-окуу жылына абитуриенттерди кабыл алуунун жыйынтыгы, перспективалары» жөнүндөгү маселе менен тааныштырып, Окумуштуулар кеңеши төмөндөгүдөй **чечим кылат:**

1. 2022-2023-окуу жылына ОшМУга абитуриенттерди кабыл алуунун жыйынтыгы, перспективалары жөнүндөгү кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы, профессор М. Б. Убайдуллаевдин билдирүүсү эске алынсын.
2. Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарынын мектептеринин бүтүрүүчүлөрү ОшМУга экскурсияга келген учурда факультеттердин, колледждердин, бөлүмдөрдүн жетекчилери тарабынан уюштуруу иштери колго алынсын (жооптуу: кабыл алуу комиссиясы, факультеттерден жооптуулар).
3. ОшМУнун сайтындагы адистик/багыттар боюнча маалыматтар окутуунун натыйжаларын көрсөтүү менен факультеттер, колледждер тарабынан толукталсын (жооптуу: кабыл алуу комиссиясы, факультеттердин декандары жана колледждердин директорлору).
4. Абитуриенттерге багытталган мобилдик тиркемеге университеттин адистиктери боюнча керектүү маалыматтарды алуу, суроолорун калтыруу ж.б. мүмкүнчүлүктөрүн кошуу кабыл алуу комиссиясына жана IT академиясына жүктөлсүн.
5. Факультеттер, колледждер тарабынан окуу жылы ичинде кесипке багыттоочу иш-чаралардын механизмдери замандын талабына ылайык жүргүзүлсүн (жооптуу: факультеттердин декандары жана колледждердин директорлору).
6. Жаңы окуу жылында тапшыргандардын саны көп болуусу күтүлгөн багыттардын/адистиктердин лицензияларындагы студенттердин чектик санын планын даярдоо ОшМУнун окуу бөлүмү менен биргеликте декандарга, директорлорго милдеттендирилсин.
7. «Ачык эшиктер» иш-чарасынын заман талабына ылайык жаңы форматы кабыл алуу комиссиясы тарабынан иштелип чыксын.
8. Массалык маалымат каражаттары жана социалдык түйүндөр аркылуу университеттеги кесипке багыттоо иш-чараларын жыл бою чагылдыруу колго алынсын (жооптуу: ОшМУнун «Маркетинг, коммуникация жана коомчулук менен байланыш борбору» маалымат бөлүмү).

9. Педагогикалык адистиктерге мамлекеттик билим берүү гранттык орундардын санын көбөйтүү үчүн тиешелүү мамлекеттик органдары менен иш-аракеттерин жүргүзүү структура жетекчилерине жүктөлсүн (декан/директор жана кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы).
10. Бул токтомду ишке ашыруу кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысына, факультеттердин декандарына, коллеждердин директорлоруна жана тиешелүү структура жетекчилерине милдеттендирилип, анын аткарылышын көзөмөлдөө окуу иштери боюнча проректор, доцент З. С. Божоновго жүктөлсүн.

**ОшМУнун ректору, профессор** — **К. Г. Кожобеков**

**Окумуштуу катчы, доцент** — **Дж. Ж. Асанбекова**